| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VII-чакырылышындагы III-кезектеги сессиясы**

## ТОКТОМ

2024-жылдын 15-апрели №23 — Кара-Коо айылы

### Ак-Терек айыл аймактын айылдарынын айыл тургундарынын айыл чарба жерлерин коруу тууралуу

Ак-Терек айыл аймагында жайгашкан айылдарынын тургундарынын айыл чарба жер аянттарына малдын жайылып, майкандоосунан коруу максатында, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл аймактын Кара-Коо, Кызыл-Туу жана Бар-Булак айылдарынын айыл чарба жер аянттарына малдын жайылып, майкандоосунан коруу иштери 2024-жылдын 10-апрелинен башталсын.

2. Айыл аймактын үстүнкү өрөөнүндөгү Комсомол, Дөң-Талаа, Ала-Баш, Коңур-Өлөн, Тогуз-Булак, Көл-Төр айылдарынын жана Четинди участкасынын тургундарынын айыл чарба жер аянттарына малдын жайылып, майкандоосунан коруу иштери 2024-жылдын 25-апрелинен башталсын.

3. Айыл аймактын айыл элинин чечимин (протоколдун негизинде) эске алуу менен жана “Бузуулар” Кодексинин статьяларына ылайык, актылар түзүлүп, мал ээлерине айып салуу үчүн айыл өкмөттө түзүлгөн “Бузуулар” боюнча комиссиянын төрагасына (аксакалдар соту) тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ак-Терек айыл аймагынын айыл чарба жана мал чарбасы боюнча башкы адис (жайыт, таза суу, сугат суу маселелери) М.А. Мааткеримовго милдеттендирилсин.

**Төрага:** — **Б.Б. Барыктабасов**

**Жооптуу катчы:** — **М.Б. Эсеналиева**